Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын
Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун
жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы
Д.07.21.628 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү
проф., т.и.д. Каратаев Олжобай Кубатбекович тарабынан даярдалган
**Капалбаев Октябрь Эркиновичтин "Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIXк. аягы - XXк. башы)"** аттуу темадагы 07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына биринчи оппненттин

## П И К И Р И

Биринчи оппонент катары дайындалган О.К.Каратаев **Капалбаев Октябрь Эркиновичтин "Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIXк. аягы - XXк. башы)"** аттуу темадагы 07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын окуп чыгып төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди:

**Диссертацияга адистиктин ылайык келүүсү:**

Коргоо үчүн кабыл алынган **Капалбаев Октябрь Эркиновичтин "Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIXк. аягы - XXк. башы)"** атуу темадагы 07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистигине ылайык жана диссертациялык кеңештин багытына туура келет.

**Диссертациялык иштин максаты:** Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн кыргыз тарыхындагы, кыргыздардын чарбалык укладындагы, материалдык жана руханий маданиятындагы, жашоо-турмушундагы ордун жана ролун ачып көрсөтүү.

**Диссертациялык иликтөөлөрдүн милдеттерине төмөндөгү илимий маселелерди чагылдыруу кирет:**

- кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн, териден жасалган кийимдерин жана турмуш-тиричилик буюмдарын чагылдырган байыркы жазма эстеликтерге, орто кылымдардагы кытай тилдүү, араб графикасындагы тарыхый жазма булактарга, совет мезгилине чейинки орус, чет элдик окумуштуу-саякатчылардын эмгектерине, эгемен мезгилде жазылган илимий изилдөөлөргө булакнаамалык жана тарыхнаамалык талдоолорду жүргүзүү;
- кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн иштин илимий-методологиялык негиздерин сыпаттоо;
- кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү аркылуу тектеш ж.б. башка элдер менен этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын талдоо;
- кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүндөгү буюм аталыштарынын келип чыгышын жана түпкү тарыхый-лексикалык маанилерин талдоо;

- салттык тери иштетүү көркөм кол өнөрчүлүгүнүн ролун жана ордун элдик оозеки чыгармалардагы чагылдырылышы аркылуу көрсөтүү;

- XIX к. аягы – XX к. баш чендериндеги кыргыз усталарынын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө колдонулган салттык ыкмаларын, алардын түрлөрүнүн жалпылыктарын жана айырмачылыктарын табуу;

- кыргыздардын салттык маданиятындагы өзгөчө орунду ээлеген кун жана көрпө терилеринен жасалган кийим-кечектердин түрлөрүн, алардын жасалуу ыкмаларын, айырмачылыктарын жана жалпылыктарын ачып берүү;

- кыргыздардын териден жасалган салттык кийимдерине, курал-жарактарына жана турмуш-тиричилик буюмдарына мүнөздөмө берүү;

- кыргыздардын салттуу буюмдарына түшүрүлгөн оюу-чиймелердин, түстөрдүн кыргыз дүйнө таанымындагы ордун аныктоо;

- автордун калк ичинен, алыскы жана жакынкы жашаган элдер арасынан жыйнаган тарыхый-этнографиялык өңүттөгү талаа материалдарын сыпаттап, окурмандар назарына сунуш этүү;

- тарых жана этнография, кыргыз тили, түркология илимдери үчүн өтө маанилүү болгон, тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө колдонулган архаикалык лексикага (терминдерге) түшүндүрмө берүү ж.б.

**Изилдөөнүн объектиси** катары көчмөн маданиятынын келип чыгышы, калыптанышы, өнүгүшү жана алардын кыргыз тарыхы жана этнографиясындагы ээлеген ордун таап чыгуу; тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн кыргыздардын турмуш тиричилигиндеги, чарбалык укладындагы ээлеген ордун талдоо. Изилдөөнүн объектисин бир нече элементтерге бөлүп кароо менен бирге эле бүтүн нерсе катары да изилдөөгө болот. Анткени көчмөн маданият системасы бири-бирине байланышкан элементтердин жыйындысынан турат. Көчмөн же элдик маданияттын бир элементинин же аткарган кызматынын бири жок болуп кетсе, алардын таасирлери кескин жоготууларга алып келиши мүмкүн. Мисалы, Кыргызстандын айрым аймактарында боз үйдүн, кийиз-шырдактардын, ат жабдыктардын, көн идиштеринин такыр жасалбай калышы салттык маданияттын унутулушуна же башка элдердин таасирине киришине өбөлгө түзөт. Илимде маданият тууралуу түшүнүктөрдүн жана аныктамалардын ургаалдуу, бат өнүгүп-өзгөрүп жатышы жогорудагы маселенин чечмеленишин кыйындатып жаткандыгын дагы белгилей кетишибиз зарыл. Ошондуктан тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн иликтөөгө киришээрден мурун көчмөнчүлүктүн табиятына, теричиликтин келип чыгышына, анын суроо-талаптарына, салттык маданиятка жана кол өнөрчүлүктү изилдөөнүн теориялык негиздерине, жалпылап айтканда, тери иштетүү кол өнөрчүгүнүн өнүгүп-өсүшүнө түздөн-түз таасир берген көчмөндүккө, анын табиятына, сөзсүз түрдө, токтолуп өтүү зарылчылыгы бар. Салттык кол өнөрчүлүктүн өзгөчөлүгү колдонулган курал-жарактардан тартып, жасалган буюмдарына, иштетилген ыкмаларына чейин этностук өзгөчөлүктөрү, элдик билимдеринин сакталышы, дүйнө таанымдары алар жасаган буюмдарда чагылдырылып турган. Бирок салттык маданиятты такыр эле өзгөрүүсүз кала берген деп аныктама берүү бир топ адашууларга алып келет. Ал жалпы маданий-тарыхый процесстердин, чарбанын түрүнө жана өнүгүшүнө, жайгашууларына, ошондой эле кошуна элдер менен этномаданий байланыштарына жараша өнүп-

өсүп, алымча-кошумчалар менен толуктанат. Жогоруда келтирилген изилдөөнүн максаты, милдеттери, объектиси менен предмети 07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча коюлган талаптарга жооп берет.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз эли байыркы мезгилдерден бери көчмөн, жарым көчмөндүк шартында жашап келгендиктен, алардын жашаган турак-жайы, кийим-кечектери, тамак-аштары жүргүзүлгөн чарбасына, географиялык абалына, социалдык-экономикалык шарттарына жараша өнүгүп, ошого ылайыкташтырылган. Мезгил өткөн сайын көчмөн маданиятка, чарбанын өнүгүшүнө, ар канда кошумчалар жана толуктоолор киргизилип келгенине карабай, салттуу кол өнөрчүлүк ондогон кылымдар бою дээрлик эч бир өзгөрүлбөй сакталып келген. Бирок XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып кыргыз коомуна башка этностордун кескин аралашышы материалдык, руханий маданияттын өзгөрүшүнө жана башка элдердин маданияттарынын айрым элементтеринин киришине өбөлгө түзгөн.

Кыргыз коомчулугунда жазуу иштери жакшы өнүкпөгөндүгүнө байланыштуу көптө гөн элдик баалуулуктар, көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрү оозеки кепге сакталып, ала жөнүндөгү маалыматтар жазма булактарынан аз санда гана кездешет. Батыш саякатчылары, окумуштуулары, аскер кызматкерлери, чыгыш таануучулары өздөрүнүн эскермелеринде, күндөлүктөрүндө, экспедициялык отчетторунда кыргыз элинин маданияты тууралуу үзүл-кесил, айрым учурларда так эмес маалыматтарды да беришкен. Борбордук Азиялык жана Сибирь элдерине салыштырмалуу кыргыздардын материалдык маданияты, айрыкча, кол өнөрчүлүгү үстүртөн гана караштырылган.

Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү көчмөндөрдүн эң маанилүү кошумча кесиптеринин бири болгондугу алардын кийген кийимдеринен, колдонгон идиш-аяктарынан жана пайдаланган курал-жарактарынан даана көрүнөт. Ал тургай алардын аталыштары дагы териге байланыштуу айтылган. Алсак, байыркы жана орто кылымдарда *теринин* башка аталыштарын түшүндүргөн *чан, жар, кум, көн* сөздөрүнө грамматикалык мүчөлөр уланып, буюм аттары пайда болгон. Коомдун өнүгүшү менен турмуш-тиричилик буюмдары башка материалдардан жасалса дагы, алар баштапкы аталыштарын азыркы мезгилге чейин сактап калган.

Аң терилеринен жасалган баш кийимдер, тебетейлер аскердик даражаны, алардын коомдук абалын түшүндүргөн белги катары кабыл алынып, кыргыздардын жоокердик тартибин, аскер өнөрүнүн жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн кабарлайт. Ошону менен катары эле аң терилери буюм деңгээлинде гана калбастан, кыргыздардын дүйнө таанымын, руханий маданиятын чагылдырган сыпай ишарат каражаттарына, белгилерине айланган. Бирок ошого карабастан ушул мезгилге чейин кыргыздардын тери иштетүүсүнүн, пайдалануусунун коомдо алган орду этнология илиминде изилдөөнүн объектиси жана предмети боло элек. Кыргыз элинин салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн тарыхый-этнографиялык жана археологиялык жактан гана изилдөө эмес, тилдик, фольклордук, маданият таануучулук,

искусство таануучулук, философиялык өңүттөн кароо дагы актуалдуу маселелерден болуп саналат.

**Илимий жыйынтыктары:**

**Изилдөөнүн жүрүшүндө диссертант тарабынан чыгарылган илимий тыянактар:**

**1-тыянак**

Кыргыздардын салттык маданиятынын, анын ичинде салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн тарыхнаамасы хронологиялык жактан айырмаланып тургань менен, жалпысынан этнологиянын тарыхнаамасынын өнүгүшүнүн негизги этаптары менен дал келет. Биринчи тарыхнаамалык доордо авторлор өтө баалуу жана керектүү эмпирикалык материалдарды беришкен. Бирок айрым эмгектерде кыргыз элинин кийимдери, айрыкча бут кийимдери, алардын жасалуу ыкмалары, тери иштетүү кол өнөрчүлүгү жана каада-салт, ырым-жырымдарынын маанисин төмөндөтүүлөргө дагы жол берилген. Көрсөтүлгөн доордогу изилдөөлөр байкоолордун, сүрөттөлөрдүн кээ бир фрагменттерин гана берүүнүн негизинде жүргүзүлүп, кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн талдоого алышкан эмес. Ошондой болсо дагы бул эмгектер этнографиялык байкоолордун биринчи тажрыйбасы катары маанилүү булак бойдон кала берет;

**2-тыянак**

Диссертациялык иштеги талданган тарыхнаамалык доорлордо тери иштетүү кол өнөрчүлүгү же териден жасалган буюмдар маалымат түрүндө гана берилген. Алынган маалыматтардын көпчүлүгү субъективдүү көз караштарды чагылдырган. Анткени тери иштетүү өнөрү алардын изилдөө предметине кирбегендиктен, илимий-методологиялык ыкмалар дээрлик колдонулган эмес. Ошондой болсо дагы кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө арналган илимий эмгектердин жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, үч доор тең өздөрүнүн жаралган мезгилдеринин идеологиялык жана саясий өнүгүүсүн чагылдырган өзгөчөлүктөрүнө ээ экендигин көрсөтүп, илимий изилдөө иштерине салыштырмалуу багыт көрсөтүп, жаңы көз караштагы эмгектердин жаралышына түрткү берди (биринчи бап).

**3-тыянак**

Көптөгөн этнологиялык эмгектерде теориялык маселелерге көңүл бурбастан дароо эле методологиялык ыкмалардын негизинде изилдөө иштерине кирип кетүү өнөкөтү калыптанып калган. Ошондуктан экинчи бапта көчмөн же салттык маданияттын, анын ичинде салттык кол өнөрчүлүктүн пайда болушуна, калыптанышына жана өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурулду. Көчмөн кыргыз маданиятына таандык кол өнөрчүлүк өтө көп мезгилди басып өткөнү менен табигыйлуулукту сактап, жай жана туруктуу өнүгүү жолун басып келген. Мына ушуларды түшүнүп алуу үчүн теориялык-методологиялык негиздер, алардын түрлөрү, колдонуу ыкмалары аныкталып алынды. Белгилей кетүүчү жагдай, кыргыз кол өнөрчүлүгүн теориялык жактан изилдөө тажрыйбалары өтө аз жүргөндүгү аныкталып, кийинки изилдөөлөрдө бул маселелерге сөзсүз түрдө көңүл бурулуш керек экендиги көрсөтүлгөн;

**4-тыянак**

Тарых булактары далилдеп тургандай, кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экендиги талашсыз. Ушул доорлор аралыгында кыргыздар өзүнүн көчмөндүк жашоо мүнөзүн туруктуу сактап, көчмөн кыргыз цивилизациясын жаратып, аны көптөгөн аймактарга таратууга үлгүрдү. Бирок тилекке каршы, айрым кыргыз окумуштууларынын бут тосууларынын, каршылыктарынын айынан тилдин, маданияттын аты жерге же кийинки элдерге байланыштуу аталып келе жаткандыгы дагы белгилүү. Ошондуктан кийинки изилдөөлөрдүн (тилдик, маданият таануучулук ж.б.) максат, милдеттери буюм аталыштарын ар тараптуу талдоо аркылуу тилдин, маданияттын аталыштарына адилет баа берүү болуп саналат. Бул бапта байыркы көчмөн кыргыздардын оозунан жана колунан жаралган көөнө сөздөрү, буюмдары жана кол өнөрчүлүк ыкмалары талданып, түшүндүрмөлөр берилди. Изилдөөнүн жыйынтыктары көптөгөн табылгаларды ачуу менен бирге эле изилденбей, көңүл бурулбай келе жаткан көйгөйлөр да бар экендигин көрсөтүлгөн (үчүнчү бап);

**5-тыянак**

Диссертациялык иштин бул бабы өзөктүү бөлүмү болуп саналат. Кыргыздардын баш, бут, тыш кийимдери жана шымдары, буларга кошумча курал же буюм, негизгиси сакралдык касиетке ээ болгон кемер, киселердин практикалык аткарган кызматтарынан тышкары, дүйнө таанымдарында ээлеген ордулары да изилдөөгө алынды. Кыргыздардын салттык баш жана тыш кийимдери күндөн, суктан, шамалдан жана курал-жарактардан коргонуучу буюм эле эмес, аскердик даражаны, коомдук абалын түшүндүргөн белги болгондугу аныкталып, илимий чөйрөгө сунушталды. Ошондой эле эпикалык чыгармалардын жардамы менен кыргыздардын салттык бут кийимдеринин бир нече түрлөрү аныкталып, аларды кайры калыбына келтирүү сунуштары берилди. Иштин жыйынтыктары жана көлөмү көрсөтүп тургандай, бул темалардын үстүнөн дагы көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылчылыгы бар (төртүнчү бап);

**6-тыянак**

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, кыргыздардын териден жасалган салттык же турмуш-тиричилик буюмдары көчмөн маданияттын зарылчылыгы жана алардын эрте мезгилдерде эле пайда болгондугуна күбө болдук. Алгачкы жолу пайда болгон ат жабдыктар менен кийинки мезгилдерде колдонулуп жүргөн жабдыктарды салыштырып караганда, дээрлик анчалык деле өзгөчөлүктөр байкалбайт. Айрым жабдыктардын кошулушунда, жасоо ыкмаларынын жаңыланышында, курал-жарактарынын көбөйүшүндө, оюулардын көп колдонушунда гана өзгөрүүлөр бар. Алсак, биздин маалымат берүүчүлөрүбүздүн маалыматтары боюнча, желдик XIX кылымдын экинчи жарымынан кийин эле колдонула баштаган. Албетте, бул билдирүүлөр кошумча изилдөөлөрдү талап кылаары дагы шексиз. Ошондой эле тердиктин оң жана сол тарабына 160 көрчөгөнүн салынышы, анын мааниси сыяктуу маселелер белгисиз бойдон калгандыгын дагы белгилейбиз. Идиш-аяктардын дээрлик бардыгы шири, көн терилеринен жасалышы практикалык жана ыйыктык мааниге ээ экендигин иш жүзүндө көрсөтүп, көчмөндөрдүн жашоосунда өзгөчө орунда тургандыгын дагы бир жолу тастыктады. Саятчылык өнөрүнүн эң жогорку деңгээлге чыккандыгынын далили катары мүнүшкөрлүктө колдонулган курал-жарактардын

бир нече түрдө жасалышы таасын айкындады. Томого, куш боо, мээлейлер жөн гана буюм эмес, ыйыктык мааниге ээ болуп, каада-салт, нарк-насилге аралашкандыгы менен өзгөчөлөнгөн (бешинчи бап).

**7-тыянак**

Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн баалуулугун, өзгөчөлүгүн өрүлүп жасалган буюмдар, алардын ичинен ат жабдыктар арттырганын эч ким талаша албайт. Өрүмдүн өзү бекемдиктин, ишенимдин, биримдиктин символу катары каралган. Ошол эле учурда жөнөкөй жана татаал өрүмдөрдүн ойлонулуп табылышы, кыргыз элинин негизги табылгаларынын бири экендигинен кабар берип турат. Ошондой болсо да, жогоруда көрсөтүлгөн баалуулуктарына карабай бул ишке азыркы мезгилген чейин тийиштүү көңүл бурулбай же изилдөөнүн предметине айланбай, иликтенбей көмүскөдө келе жаткандыгын дагы белгилей кетели. Кыргыздар колдонгон оюулар, ага улай эле түстөр, алардын пайда болушу да татаал жана көп изилденбеген иштердин катарына киргендигин изилдөөлөр дагы бир жолу көрсөттү. XIX-XX кылымдарда оюулардын үстүнөн иштеген окумуштуулар оюм-чийимдердин пайда болушу, маани-маңызы жана орду тууралуу өтө кызыктуу ойлорун сунушташкан. Бирок алардын сунуштары көпчүлүктүн колдоосуна ээ болбой, айрым учурларда шылдың иретинде кабыл алынып, андан ары изилдөөлөр токтоп калган. Мына ошол пикирлерди жана маалыматтарды эске алып, комплекстүү талдоо иштерин жүргүзүү бүгүнкү күндүн талабы (алтынчы бап).

**Диссертацияда сунушталган илимий жыйынтыктардын жана тыянактардын негиздүүлүк жана ынанымдуулук деңгээли**

Автор тарабынан чыгарылган илимий жыйынтыктар жана тыянактар төмөнкүлөр менен бекемделет:

**1-тыянак**

Эмгекте көчмөн же салттык маданияттын, анын ичинде салттык кол өнөрчүлүктүн пайда болушуна, калыптанышына жана өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурулган. Көчмөн кыргыз маданиятына таандык кол өнөрчүлүк өтө көп мезгилди басып өткөнү менен табигыйлуулукту сактап, жай жана туруктуу өнүгүү жолун басып келген. Мына ушуларды түшүнүп алуу үчүн теориялык-методологиялык негиздер, алардын түрлөрү, колдонуу ыкмалары аныкталып алынды. Белгилей кетүүчү жагдай, кыргыз кол өнөрчүлүгүн теориялык жактан изилдөө тажрыйбалары өтө аз болгондугу аныкталды, кийинки изилдөөлөрдө бул маселелерге кошумча көңүл бурулуш керек экендиги көрсөтүл

**2-тыянак**

Салттык кол өнөрчүлүккө кирген айрым сөздөрдүн илимий талдоолорго алынышы кыргыз этнографиясынын материалдарын байытат. Илимий иште 50 жакын гана сөздүн же аталыштын түпкү маанилерин ачып берүүгө аракет жасалган. Бирок жогорудагы сөздөрдөн тышкары кыргыз тилинде байма-бай колдонулуп жүргөн кеменгер, кемеге, кемер, камчы, калпак, ээр сыяктуу ж.б. сөздөрдүн маани-маңызы азыркы учурда деле толук ачылып бериле электигин белгилөө зарыл. Манас» эпосу кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн жогорку деңгээлде сүрөттөгөн тарыхый булактардан болуп берет. Анткени бут кийимдерден баш кийимдерге чейин, ат жабдыктарынан баштап, булгаарыдан

жасалган курал-жарактардын сүрөттөлүшү, аларды кайсыл баатырлар пайдалангандыгы өзгөчө көркөмдөлүп, сүрөттөлүп берилген. Эң негизгиси азыркы учурда унутулуп калган баш жана бут кийимдерди эпостогу саптардын негизинде кайра калыбына келтирсе болот. Көчмөн кыргыздардын оозунан жана колунан жаралган көөнө сөздөрү, буюмдары жана кол өнөрчүлүк ыкмалары талданып, түшүндүрмөлөр берилген;

**3-тыянак**

Көчмөн элдер үй жаныбарларынын ичинен: кой-эчкинин, музоонун, кулундун, ботонун; тоо жаныбарларынан: кийик, кайберен, жейрен, бөкөн, ак куйрук жана башкалардын терилерин эң жогорку деңгээлде иштетип, шымдын бир нече түрүн жасап келишкен. Жогорудагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, кандагай, чалбар, жаргак, теке, кеште, сайма шымдардын кенен тигилип жасалышынын практикалык мааниси чоң болгондуктан, аны кичирейтип, тыкыс кылып жасоого ашыгышкан эмес. Шымдар баш кийим, тон, ичиктерден айырмаланып, көбүнчө коомдук-экономикалык жана жоокерчилик шарттарга ылайыкталып даярдалган жана колдонулган;

**4-тыянак**

Изилдөөчүлөрдүн пикирлери боюнча эркектердин куру-кемери кийимдин бир түрү катары гана кызмат кылбастан, бир жагынан кур ээсинин коомдук абалын, экинчи жагынан анын кесибин (жоокер, мергенчи, чабарман, элчи, соодагер) дагы көрсөтүп турган. Курлардын көчмөн жана отурукташкан элдердин арасында канчалык белгилүү болбосун алардын формасында, жазы тогоолоруна, таралгаларына түшүрүлгөн оймо-чиймелердеги локалдык айырмачылыктар сакталган;

**5-тыянак**

Кыргыздардын баш, бут, тыш кийимдери жана шымдары, буларга кошумча курал же буюм, негизгиси сакралдык касиетке ээ болгон кемер, киселердин практикалык аткарган кызматтарынан тышкары, дүйнө таанымдарында ээлеген ордулары да изилдөөгө алынды. Кыргыздардын салттык баш жана тыш кийимдери күндөн, суукtан, шамалдан жана курал-жарактардан коргонуучу буюм эле эмес, аскердик даражаны, коомдук абалын түшүндүргөн белги болгондугу аныкталып, илимий чөйрөгө сунушталды. Ошондой эле эпикалык чыгармалардын жардамы менен кыргыздардын салттык бут кийимдеринин бир нече түрлөрү аныкталып, аларды кайры калыбына келтирүү сунуштары берилген;

**Изденүүчү сунуштаган илимий тыянактардын жана жоболордун жаңылык деңгээли**

Диссертациялык иште көрсөтүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын жана жоболорун жаңы деп баалоого болот. Диссертациялык иштин илимий тыянактары менен корутундулары белгилүү деңгээлде анын жаңылыгын чагылдырат.

**1-тыянак**

Диссертант илимий иш боюнча материалдарды (маалымат) жыйнап, бир системага киргизүүдө, маалыматтарды иргеп илимге киргизүүдө зор эмгек жасаган. Кыргызстандын жана ага чектеш жайгашкан кошуна мамлекеттердеги эзелтеден жашап келе жаткан кыргыздарды мүлдө кыдырып,

тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык салыштырмалуу-этимологиялык, терминологиялык изилдөөлөр ишке ашырылган. Кыргыздарга тектеш жана кошуна жашаган элдердин салтуу маданиятынын үлгүлөрү менен илимий негиздүү параллелдүүлүктөр жүргүзүлгөн. Археологиялык маалыматтар кеңири колдонулгандыгы иштин илимий денгээлин көтөрөт. Диссертациядагы жогорудагы көрсөткүчтөр ***негизги тыянактардан*** болуп калары ырас;

**2-тыянак**

Көнчүлүк же тери иштетүүчүлүк бул мезгилге чейин кыргыз этнография илиминде өз алдынча комплекстүү жана толук изилдөөлөргө алынган эместигин белгилөө керек. Көнчүлүктүн, тери иштетүүчүлүк кол өнөрчүлүлүгүнүн айрым элементтери кыргыздардын жалпы материалдык маданиятын чагылдырган эмгектерде фрагментардуу гана эскерилет. Бул багытты атайын иликтөө иштери илимий макаланын денгээлинен көтөрүлбөй келген. Айрым изилдөөлөрдө көнчүлүк жана тери иштетүү кол өнөрчүлүгү заттык маданияттын бир тармагы катары эскерилет. Диссертант иштин өзөккү жана көкөй кести маселелерин апробациялык илимий макалаларында чагылдырган, чет тилдеринде да жарык көргөн. Көтөрүлгөн илимий маселени комплекстүү жана толук кандуу изилдөө диссертациялык иштеги жетишилген ***негизги тыянак болуп*** калат;

**3-тыянак**

Изденүүчү илимий адабияттардан, элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн, жеке өзү калк аралап жыйнаган талаа материалдарындагы маалыматтарга таянылган иликтөөлөрүндө бүгүнкү кыргыз тилинде колдонулбай калган, унутулуп кетип жаткан тарыхый-этнографиялык лексиканы (терминдерди) эл эсине кайтарып бергендиги диссертациялык иштеги ***негизги тыянактардын бири*** болуп калат. Мындан сырткары, тарыхый лексикага изденүүчү тарабынан терең этимологиялык аныктамалар, түшүндүрмөлөр берилгендигин белгилөө зарыл;

**4-тыянак**

Кыргыздардын баш, бут, тыш кийимдери жана шымдары, буларга кошумча курал же буюм, негизгиси сакралдык касиетке ээ болгон кемер, киселердин практикалык аткарган кызматтарынан тышкары, дүйнө таанымдарында ээлеген ордулары да изилдөөгө алынган. Кыргыздардын салттык баш жана тыш кийимдери күндөн, сууктан, шамалдан жана курал-жарактардан коргонуучу буюм эле эмес, аскердик даражаны, коомдук абалын түшүндүргөн белги болгондугу аныкталып, илимий чөйрөгө сунушталган. Ошондой эле эпикалык чыгармалардын жардамы менен кыргыздардын салттык бут кийимдеринин бир нече түрлөрү аныкталып, аларды кайры калыбына келтирүү сунуштары берилген.

**5-тыянак**

Кайыш, булгаары, курум, чегирим, көндөн жасалган ат жабдыктардын ойлонулуп табылышы, алардын жасалышы, колдонулушу, өнүгүшү бир нече доорлорду өзүнө камтып, кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү, ат жабдыктарды жасоо көнчүлүк өнөрү жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. Өзгөчө, ат жабдыктардын өрүм менен жасалышы, татаал өрүмдөрдүн ойлонулуп табылышы көчмөнчүлүк маданияттын баасын арттырган. Ат жабдыктар кыргыздардын аземин жана

салтанатын даңазалаган материалдык маданияттын негизги көрсөткүчтөрүнүн бири катары саналгандыгы түрдүү шартка ылайыкташтырылып жасалгандыгынан даана көрүнүп турат. Ат жабдыктар чарбага, жоокерчиликке, ат оюндарына жана салтанаттуу иш чараларга карата жөнөкөй жана татаал формаларында жасалган. Ошондой эле ээр токумга суроо-талаптар өтө көп болгондуктан, кыргыздарга жакын жашаган өзбек, уйгур элдери дагы ээр токумдун түрлөрлөрүн, айрыкча, курама ээрлерди жасап берип турушкан.

**6-тыянак**

Идиш-аяктардын дээрлик бардыгы шири, көн терилеринен жасалышы практикалык жана ыйыктык мааниге ээ экендигин иш жүзүндө көрсөтүп, көчмөндөрдүн жашоосунда өзгөчө орунда тургандыгын дагы бир жолу тастыкталган. Саятчылык өнөрүнүн эң жогорку деңгээлге чыккандыгынын далили катары мүнүшкөрлүктө колдонулган курал-жарактардын бир нече түрдө жасалышы таасын айкындады. Томого, куш боо, мээлейлер жөн гана буюм эмес, ыйыктык мааниге ээ болуп, каада-салт, нарк-насилге аралашкандыгы менен өзгөчөлөнгөн.

**7-тыянак**

Кыргыздардын кийиз жана тери буюмдары жалпысынан кол өнөрчүлүк менен чыгармачылыктын органикалык айкалышы, көп кылымдык тажрыйбан жана элдин кыялы. Чеберлер тарабынан оймолонгон ар бир буюм, бир тараптан, анын табитин көрсөтсө, экинчи жагынан, элдин жалпы эстетикалык салттарын чагылдырат. Кыргыз уз-усталары буюмдардын бышыктыгына гана көңүл бурбастан, алардын көркөм жасалгаларына дагы маани беришкен. Көркөм табиттери өрмөк, түймө, түрдүү оюулар түшүрүлгөн кийиз, сайма, зер, булгаары, жыгач буюмдарына түшүрүлгөн. Ошондуктан көптөгөн буюмдар искусствонун чыныгы үлгүлөрүнө айланган.

**8-тыянак**

Көчмөндөрдүн ойлорунун үлгүлөрү, алардын кызыкчылыктары жана дүйнө таанымдары элдик чеберлер тарабынан оюу мотивдеринде өз алдынча жыйнак катары түзүлгөн. Көчмөндөрдү курчап турган айлана-чөйрө, турмуш-тиричилик, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн аттары оюуларга берилген. Көркөм оймо-чиймелер жөнөкөй да, татаал түрдө да бири-бирине кыналыша айкалышып, жаратылыш көрүнүштөрү, өсүмдүктөр жана айбанаттардын сөлөкөттөрү, диндик ишенимдери шайма-шай келип, ич ара жуурулушканды байкалат. Оюм кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн бүтүндөй түрлөрүндө каражат катары колдонулат. Адатта, журтчулук сүрөттү «тилсиз поэзия», скульптураны «үнсүз муза» десе, көркөм оюмдарды «кызыл поэма» деп аташкан. Оюм-чийимдердин окуусу, өзүнүн тили, түйүндүү сыры, ыры-обону бар экендиги сыпатталган.

## Изилдөөнүн практикалык мааниси:

Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык маданияты, кол өнөрчүлүгү боюнча тарыхый адабияттардын тизмесин толуктап, кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн мыкты деңгээлде өнүккөндүгү тууралуу маалыматтарды берип, түшүнүктөрүн кеңейтет. Диссертациялык иштин материалдары менен негизги жоболору

коомдук илимдер тармагындагы жалпылоочу эмгектерди даярдоодо, ошондой эле орто кесиптик жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн. Изилдөө аркылуу калыбына келтирилген тери буюмдарын жана кийимдерин азыркы мезгилдин талаптарына ылайык өндүрүшкө киргизүүгө болот. Диссертациянын теориялык-методологиялык натыйжаларын жогорку окуу жайлардын окутуучулары, студенттери этнография, этнология, этнопедагогика, маданияттаануу, Кыргызстандын тарыхы, кыргыз философиясы, эстетика жана этика боюнча окуу материалдары катарында изилдөөлөргө колдонсо болот.

**Автореферативдин диссертациянын мазмунуна туура келиши**

Диссертациянын авторефератында диссертациялык иштин негизги мазмуну толук камтылган, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын (УАК) талаптарына жооп берет. Кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмесинин котормосу жана мазмуну бирдей.

**Диссертациянын жетишкен тараптарын белгилөө менен расмий оппонент төмөндөгүдөй айрым мүчүлүштүктөргө токтолот:**

1. Диссертациялык иште негизинен концептуалдуу кемчиликтер кездешпейт;
2. Диссертациялык иште айрым грамматикалык өксүктөр учурайт. Өзгөчө, тыныш белгилерди бир сыйра көздөн кечирүү керек. Мисалы, диссертациялык иштин 14-бетинде “халлухи” (карлуктар) деген сөз учурайт, бирок муну механикалык өксүк деп билүүгө болот. Ишти талдоого алынган терминдердин басымдуу бөлүгү тырнакчага алынуусу зарыл. Т.а., (тагырак айтканда), б.а. (башкача айтканда), Мындай кыскартуулар энциклопедиялык сөздүктөрдө колдонулат, ошондон улам толук эле жазуу керек;
3. Афанасьев, Окунев, Андроново, Карасук, Тагар, андан соңку Таштык маданияттар доорлорундагы адамдардын тери иштетүүсүнүн тарыхы жана технологиясынын эволюциясы боюнча маалымат берүү зарыл эле;
4. “Сактар” (скифтер) кыргыздардын түпкү ата-бабалары болгон деген пикирлер айтылган. Индоевропа же иран тилдүү сактар кыргыздардын бабалары болбойт. Тагар, андан соңку Таштык доорунда кыргыздар айрым бир маданий таасирлерин алышкан.
5. Мисалы, Бегренин эстелиги эмес. Бегре – кыргыз жазуу эстелиги табылган жердин аталышы;
6. Этнографиялык терминдерге иштин аягында алфавиттик тартипте кыскача түшүндүрмөлөрдү берүү зарыл;
7. Информаторлордун паспортун кайрадан карап, тактап ондоп жазып чыгуу керек;
8. Диссертациялык иштин максаты жана милдеттерин бир аз кеңейтип, кошуу зарыл.

**10. Диссертациялык эмгектин Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын илимий даражаларды ыйгаруу жобосуна дал келиши.**

Жогорудагы аталган айрым мүчүлүштүктөрдүн орун алганына карабастан, **Капалбаев Октябрь Эркиновичтин "Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIXк. аягы - XXк. башы)"** аттуу темадагы диссертациялык ишинин структурасы, мазмуну, илимий жаңылыгы, изилдөөнүн негизинде алынган корутундулары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет жана 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Подпись О. Каратаева
«9» 03 2022 г.

**Расмий оппонент,**
**тарых илимдеринин доктору,**
**профессор** **Каратаев О.К.**
09.03.2022.

## КАПАЛБАЕВ ОКТЯБРЬ ЭРКИНОВИЧТИН

"07.00.07 - этнография, этнология и антропология" адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган

**"КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ (XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШЫ)"**

аттуу диссертациясы жөнүндө расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

**Теманын актуалдуулугу жана диссертабелдүүлүгү жөнүндө**. Тери – адам баласынын көп түрдүү муктаждыктарын канааттандыруу үчүн колдонулган табигий материалдардын эң алгачкыларынын бири. Адегенде адам турмушуна дене-бойду сырткы таасирлерден, ысык-суукtан коргоонун ишенимдүү каражаты катары кирип, көбүнчө эндей түрүндө урунулган чийки тери, тарыхтын алга жылышы, жашоону камсыздоочу нерселердин сапатына, көркүнө болгон талаптардын тынымсыз жогорулашы менен, узак жана татаал эволюциялык жолду басып өттү; ал, адамзаттын кийим-кече жана күндөлүк жашоодо колдонулган буюмдарга болгон көркөм табитинин өсүшүнөн улам, атайын куралдардын жардамы аркылуу ийине жеткире иштетилип туруп, чеберлер тарабынан бычылып тигилген жарашыктуу кийим түрлөрүнө айланып гана тим болбой, бенде турмушунун бардык тармактарынан өзүнүн туруктуу ордун тапты. Тери иштетүү салты алгачкы коомдон тартып ушул убакка чейинки тарыхый жолду үзгүлтүксүз басып өткөндүгү үчүн, миңдеген жылдарды ичине алган адам тарыхынын күбөсүнө айланган заттардын бири болуп калды. Мына ушул себептен, ал азыркы социалдык-гуманитардык илим тармактарынын дээрлик бардыгынын кызыктуу жана ишенимдүү булактарынын бирине айланды.

Орточо алганда, чийки түрүнүн 65%га жакынын суу, 33 %га жакынын белок, 2%дын тегерегиндеги бөлүгүн май жана 0,5%дай бөлүгүн минералдар түзгөн теринин дүйнөнүн бардык бөлүгү жана бардык этностору үчүн бирдей маанидеги орток чийки зат, бирдей экономикалык, маданий мүмкүнчүлүк (потенциал) экендиги талашсыз. Ушул планетардык мүнөзгө ээ чийки затты өндүрүү, өздөштүрүү: кургатуу, тазалоо, ийине келтирүү, күндөлүк турмушта колдонуу, этномаданий бренд, экономикалык бирдик катары пайдалануу жагына келгенде ареалдык, этностук тажрыйбалардын ар түрдүүлүгү абдан маанилүү, кечиктирилбей, ар кыл өңүттөн, эң алды

менен, этнологиялык жактан терендете изилдене турган маселе. Табият менен эриш-аркак жашап, көп кылымдар бою, негизинен мергенчилик, мал чарбачылык менен күн көрүп, ошонун негизинде этномаданият жараткан кыргыз элинин тери иштетүү жаатындагы тажрыйбасын системалаштыруу, талдоо жана азыркы турмуштагы ордун, маанисин, келечегин аныктоо маселелеринин колго алынбай келиши бул диссертациялык иштин темасынын туура тандалып алынгандыгын, диссертабелдүүлүгүн, **актуалдуудугун** көрсөтөт. Диссертант туура белгилегендей: “Кыргыз элинин салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн тарыхый-этнографиялык жана археологиялык жактан гана изилдөө эмес, тилдик, фольклордук, маданият таануучулук, искусство таануучулук, философиялык өңүттөн кароо дагы актуалдуу маселелерден болуп саналат” (5-б.). Автордун маселени социалдык-гуманитардык илим тармактарынын жалгашында талкуулоо демилгеси да толук колдоого татыйт.

Изилдөөдө коюлган **максат** жана ал максатка жетүү үчүн аткарылышы керек болгон **милдеттер** ачык жана жеткиликтүү көрсөтүлгөн; диссертациялык иштин түзүлүшү ошол максат-мүдөөлөрдү ырааттуулук менен жүзөгө ашырууга багытталган. Тогуз беренеден турган милдеттерди толугу менен аткаруу үчүн бир топ маселелерди (1) жаңыдан, алгачкы ирет көтөрүү, (2) мурда көтөрүлгөн маселелерди жаңыча талкуулоо, (3) ошону менен жаңы, мурда белгилүү болбогон натыйжаларга жетишүү зарылдыгы келип чыккан. Диссертациялык иштин **илимий жаңылыгын** мына ушул үч багыттан тең ачык байкоого болот. Бул жөнүндө диссертациялык иштин жана анын авторефератынын тиешелүү беттеринде да жетишерлик маалыматтар берилген.

Кийинки мезгилдерде этнографиялык, этнологиялык изилдөөлөрдүн **илимий-теориялык мааниси** менен катар **практикалык мааниси** жөнүндөгү маселелер да курч коюлуп келе жатат. Изилдөөчү корголуп жаткан ишинин теориялык маанисин “жалпылама тарыхый-этнографиялык эмгектерде камтылышы”, “жалпы кыргыз этнографиялык окуу китептеринде” колдонулушу, “коомдук илимдер тармагындагы жалпылоочу эмгектерди даярдоодо, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду, заманбап интернеттик мултимедиалык маалыматтарды даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн” экендигин айтуу менен, анын экономикалык мааниси жөнүндө: ”Изилдөө аркылуу калыбына келтирилген тери буюмдарды жана кийимдерди

азыркы мезгилдин талаптарына ылайык маданий мурастарды жайылтуу багыттарын күчөтүп, өндүрүшкө киргизүүгө болот" деп белгилейт (7-б).

Диссертациялык иштин **коргоого алынып чыгылган жоболору** сегиз беренеге бөлүнүп берилген. Ар бир жобо диссертациялык иштин бап жана параграфтарында жетишилген корутундуларга толук туура келет жана аларды толуктайт. Ал жоболорду бир аз өзгөртүп, рецензиялоонун айрым элементтерин кошуп айта турган болсок, диссертациялык иштин өзөгүн түзгөн ойлордун негизги тезистери, ошону менен бирге, аларга берилген жалпы баа да келип чыкан болот. Алсак, автордун:

– кыргыз тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн жаралышы, калыптанышы жана өнүгүшүн алар жашаган экосистема жана андан келип чыккан чарбалык-маданий тип (ЧМТ) менен байланышта карап, бул өнөрдүн кыргыз этносун башкаларга тааныткан өзгөчө өнөргө айлангандыгы жөнүндөгү пикири;

– ошондой эле, кыргыз тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө байланыштуу тажрыйбалардын азыркы коомдук турмушта анчалык колдонулбай, илимий изилдөөлөр жүзөгө ашырылбай келе жаткан болсо да, алар тууралуу маалыматтардын кыргыз улуттук эс тутум булактарында сакталып калгандыгы тууралуу далилдүү ойлору;

– тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн салттык ыкмаларына, анын түрлөрүнө байланыштуу аталыштардын көөнө, түпкү маанилеринин бүгүнкү күнгө чейин келип жетишинин өзүн кыргыз элинин жаратылышка, жан-жаныбарларга болгон өндүрүштүк-маданий мамилесинин калыптанган, туруктуулукка ээ көз караш экендигинин далили катары көрсөтүү аракети;

– кыргыз аңчылык жана мал чарбачылык салттарынын туундусу катары келип чыккан жана өнүккөн ар кыл тери кийимдердин материалдык гана эмес, рухий, социалдык-символикалык да мааниге ээ экендиги жөнүндөгү ой-бүтүмдөрү;

– кыргыз элинин ар бир тери буюмга өз алдынча маани берүү менен бирге, камчы, кемер, баш жана сырт кийимдерге, кыздарга берилүүчү септин курамына кирген буюмдарга өзгөчө, ыйык мамиле жасап, алар тууралуу түшүнүк жана көз караштарды кийинки муундарга таберик катары өткөрүп берип келгендиги тууралуу айткан ойлору;

– аңчылык, саятчылык салтын ишке ашырууда колдонулган курал-жарактар, буюмдар бир жагынан, киреше табууга жетишүү үчүн пайдаланылган утилитардык

заттар болуп эсептелсе, экинчи жагынан, заттык көркөм өнөрдүн эстелиги болуп саналгандыгын белгилеши;

– алгачкы убактарда тамга, эн катары пайдаланылган жана кабылданган белгилер тобунун доорлордун алмашышы менен, татаал оюулардын, көчөттөрдүн системасына айланып кетүү ыктымалдыгы жөнүндөгү пикирлери – мына ушулардын баары кызыктуу жана андан ары тереңдетип изилдөөнү талап кылган, диссертациялык иштин илимий деңгээлин аныктаган ой-кортундулар болуп саналат.

Автордун **жеке салымы** дегенде, дисссертанттын бул илимий теманын алгачкы изилдөөчүсү болуп жаткандыгынан, ошондой эле, эч бир долбоор, программа, пландык иштер менен байланышпай, анын жеке аракетинин майнабы экендигинен улам, диссертаияны жазуу үчүн жасалган камылгадан баштап, көрүлгөн чара, кылынган аракет жана чыгарылган бүтүм, гипотезалардын баары автордун **жеке өзүнө** таандык, анын илимге кошкон **жекече салымы** болуп эсептелерин белгилешибиз керек. Айрыкча, темага таандык ар кыл оозеки жана эски жазма булактарды таап, жыйнап, аларды системага салуу, талдоо, тарыхый өнүгүшүн аныктоо иштери боюнча аткарган иштери илимге кошулган чоң салым болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланыш** деңгээли автордун: “диссертациялык изилдөөнүн негизги теориялык, методикалык жана практикалык жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда чагылдырылып, сертификаттар алынган” деген маалыматы менен чектелгендигин көрүүгө болот.

Диссертацияда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизги натыйжалары автордун **жарыяланган эмгектеринен** орун алган.

**Диссертациялык иштин курамы** анда коюлган максат жана аткарыла турган милдеттердин логикасынан келип чыккандыгы көрүнүп турат. Ал Киришүү бөлүмүнөн, 19 параграфты ичине алган 6 баптан, Практикалык сунуштар менен аяктаган Корутунду бөлүмүнөн, Колдонулган адабияттардын тизмесинен жана Тиркемеден турат. Тиркеменин фото-сүрөттөр бөлүмү өз алдынча булактык мааниге ээ экендигин өзгөчө белгилей кетүүнү милдетим деп эсептейм.

Эми, диссерациялык иштин, илимий чыгарма катары, композициялык-курамдык бүтүндүгүнө, анда айтылган ойлордун, көтөрүлгөн идеялардын ырааттуулугуна

баа берүү үчүн кол жазманын негизги, когцептуалдык бөлүгүнө жасалган кыскача экскурска кезек берели.

Биринчи бап **«Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөөнүн тарыхнаамасы»** деп аталат. Анын *«Тарыхый булактар жана совет дооруна чейинки тарыхнаама»* деп аталган *биринчи* параграфында диссертант Байыркы жана Орто кылымдардагы жана Совет дооруна чейинки шумер, аккад, грек, кытай, парс, арап, англис, француз, орус тилдериндеги ондогон авторлордун жазып калтырган булактарына мүнөздөмө берип, керек учурда аларга сын көз менен карай алган жана алардын илимий куну тууралуу өзүнүн объективдүү пикирин ачык жана жеткиликтүү билдирген.

Баптын *«Совет доорундагы тарыхнаама»* аттуу *экинчи* параграфында 1917-жылдан 1991-жылга чейинки кыргыз жана чет элдик археология, этнография, археография, филология ж. б. социалдык-гуманитардык илим тармактарынынын өкүлдөрү тарабынан колго алынган эмгектердин сөз болуп жаткан темага тиешелүү жактарына историографиялык мүнөздөмө берсе, ушул эле баптын *«Постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр»* деп аталган *үчүнчү* параграфында 1991-жылдан ушул күнгө чейинки жарык көргөн илимий эмгектер тууралуу сөз кылган. Анда: "Үчүнчү тарыхнаамалык доор тематикалык жана илимий-методологиялык жактан өзүнүн жаңычылыгы менен кескин айырмаланып тургандыгын" кошумчалаган (49-б.). Биринчи баптын үч параграфы бирин-бири хронологиялык жактан гана эмес, логикалык жактан да улап, өз ара бир бүтүндүктү түзүп тургандыгын белгилөө абзел.

Диссертациянын экинчи бабы **«Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери»** деп аталат да, ал *«Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздери»* жана *«Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары»* деп белгиленген эки параграфтан турат. *Биринчи* параграфта изилдөөнүн **объектиси** менен **предмети** аныкталган жана көчмөн маданияттын, тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн келип чыгышы туралуу ойлорго орун берилген. *Экинчи* параграфта болсо, иштин методологиялык принциптери тууралуу ачык айтылбаса да, анда колдонулган изилдөө методдору тууралуу кыйла узак сөз кылынгандыгыг көрүүгө болот. Белгилей кетүүчү нерсе, изилдөөчү кыргыз тилинде жазылган эмгектерде ***усул*** делип которулуп келе жаткан ***метод*** терминин ***ыкма*** деп алууну туура көргөн. Жалпы жонунан алганда, бул бап историографиялык маалыматтар менен да байытылган (50-71-б.).

Диссертациянын үчүнчү бабы **«Тери иштетүү кол өнөрчүлүгү жана буюм аталыштарынын түшүндүрмөлөрү»** деп аталып, кандайдыр бир деңгээлде этнолингвистикалык, этнофольклористикалык өңүткө ээ. Анын *биринчи* параграфында (*«Териден жасалган буюм аталыштарынын түшүндүрмөлөрү»*) айрым тери буюмдардын аталыштарынын уңгусунда кыргыз, түрк морфемаларынын жаткандыгы жөнүндөгү пикирин билдирет. Баары биригип, 50гө жакын лексеманын түпкү маанисин ачып берүүгө далалат жасайт.

Кийинки, *экинчи* параграф (*«Манас» эпосундагы тери иштетүү көркөм кол өнөрчүлүгү»*) “Манас” эпосунун ар кайсы варианттарында кездешкен “идиш-аяктар, кийим-кечектер, жоокердик курал-жарактар, алардын түрлөрү жана жасалуу ыкмалары” тууралуу билгилерди камтыйт. Изилдөөдө: «Манас» эпосунда баш кийимдин – 19, тондун – 7, ичиктин – 6, бут кийимдин – 22, суусундук куюлган идиштердин – 9, курал-жарактардын – 8 түрү... Андан сырткары эпосто тери иштетүүнүн өзгөчө үлгүсү, алмадан жасалган малманын түрү да сакталып калган” деген кызыктуу маалыматтар берилет (89-б).

Баптын акыркы параграфы *«Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн салттык ыкмалары жана түрлөрү»* деген аталышта берилип, анда устара, бычак, кестик, шибеге, темене, оймок, искек, искене, токмок, ороктун, чалгынын же күрөктүн курч миздери, оюунун калыбы же үлгүсү, сындырык, кеп жыгач, керме (жаа), көмүркөй талкуу, кол талкуу, балта, чот, керки, теше, кол дүкөн, ийги, балка, барскан, араа, көзөөч, үшкү, тарткы, кобул салгыч тарткы, искене, түрпү, көөрүк ж.б. эмгек куралдарынын колдонулушу тууралуу сөз болот. Териден жасалган жана колдонулган буюмдардын классификациясы да ушул параграфтан орун алган.

Эмгектин төртүнчү бабы **«Териден тигилген кийимдер, алардын түрлөрү»** деп аталат. Беш параграфтан турган бул баптын *«Кун жана көрпө терилеринен тигилген баш кийимдер»* аттуу *биринчи* параграфында кыргыз баш кийимдеринин териден жасалган түрлөрү тууралуу жазма булактарга таянуу менен сөз болот. Параграфтын негизги концепциясын баш кийимдин социалдык мартабаны билгизгендиги жөнүндөгу көз караш түзөт. Айрыкча, тебетейдин социалдык-турмуштук маанисин өз алдынча, терендете чечмелөө аракети жасалат.

*Экинчи* параграфта (*«Ичик, тон тыш кийимдери»*) **кун** жана **көрпө** терилеринен тигилген тыш кийимдер жана алардын түрлөрү, өзгөчөлүктөрү, *үчүнчү* параграфта

(*«Териден жасалган шымдар жана анын түрлөрү»*) болсо, жаргак терилерден жасалган шымдар, *төртүнчү* параграфта (*«Салттуу курлар, анын түрлөрү»*) кыргыз көчмөн маданиятында өзгөчө орунду ээлеген кур жана кемер түрлөрүнүн мааниси жөнүндө сөз болот.

Баптын акыркы, *бешинчи* параграфы *«Бут кийимдер»* деп аталат. "Бут кийимдер этномаданий байланыштардын түзүлүшүнө, өнүгүшүнө жана жүрүшүнө байланыштуу өзгөрүп тургандыгын" жазма булактардан, эпикалык мурастардан алынган мисалдарга таянуу менен далилдөө аракети жасалат. Автордун "тарыхый адабияттарда, булактарда кыргыз бут кийимдеринин иликтөөгө алынбай калышы, алардын баалуулугун төмөндөткөнү менен, элдик оозеки чыгармаларда өтүктөрдүн көптөгөн түрлөрүнүн табылышы аларды кайра калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет" деген пикири теориялык да, прикладдык да мааниге ээ.

Бешинчи бап **«Териден жасалган турмуш-тиричилик буюмдары»** үч параграфтан турат. *Биринчи* параграфта (*«Ат жабдыктар»*) кыргыз салттуу маданиятынын негизги атрибуттарынын бирине айланган ат жабдыктардын түрлөрү (нокто, жүгөн, чылбыр, тизгин, тердик, камчы, бамайыл, көмөлдүрүк ж.б.), алардын жасалыштары жана ареалдык өзгөчөлүктөрү изилдөөгө алынган.

Бешинчи баптын *«Териден жасалган идиш-аяктар»* деп аталган *экинчи* параграфында кыргыз элинин кылымдар бою колдонуп келген саба, чанач, тулуп, мешш, көнөк, көнөчөк, булкак, көөкөр ж.б. териден жасалган идиштер, алардын жасалышы, колдонулушу тууралуу тарыхый-этнографиялык маалыматтар берилген.

*Үчүнчү* параграф («*Саят куштарын кармоочу курал-жарактар*») кыраан жана алгыр куштарды кармоочу, алардын жардамы менен аң улоочу каражаттарды изилдөөгө арналган; анда: боо, томого, мээлей, балдак, далба, чырга ж.б. этнографиялык объектилер тууралуу кызыктуу маалыматтар жана ойлор бар.

Диссертациянын акыркы – алтынчы бабы **«Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн көркөм баалуулуктары»** деп аталып, үч параграфтан турат. *Биринчи* параграф (*«Өрүм жана анын түрлөрү»*) өрүм колдонулган ат жабдыктарды, *экинчи* параграф (*«Салттуу буюмдарга түшүрүлгөн оюулар, алардын маанилери»)* тери, шири буюмдарына түшүрүлгөн оюулар, алардын орду, ал эми

*үчүнчү* параграф (*«Түстөр жана алардын маанилери»*) кыргыз салттуу буюмдарынын түстүк өзгөчөлүктөрүн талдоого арналган. Түстөр кыргыз салттуу маданиятында кооздук, эстетикалык гана эмес, сакралдык мааниге да ээ болгондугун ачып берген.

Диссертациялык иштин “Корутунду” бөлүгүндө изилдөөнүн жалпылагыч корутундусу чыгарылган жана аны менен удаалаш, тогуз беренеден турган **Практикалык сунуштар** берилген.

Мына ошентип, диссертациялык иштин негизги бөлүгүнүн баштан-аяк кыскача сыпатталышынан көрүнүп тургандай, анын түзүлүшү, мазмундук-тематикалык ырааттуулугу шек туудурбайт. Ар бир баптын акырында берилген кыскача корутундулар, ой жыйынтыктары ишти кабылдоону кыйла оңойлотуп тургандыгын айтууга болот. Баятан бери айтылып жаткан сөздөрдү жыйынтыктап келип, изденүүчү **Октябрь Эркинович Капалбаевдин** корголуп жаткан диссертациялык ишин илимий өз алдынчалыкка ээ, оригиналдуу, бүткөн жана өз максатына жеткен илимий эмгек деп бааласа болот.

Диссертациялык иште илимий принциптерге каршы келе турган ойлор, бурмаланган пикирлер, жаңылыш колдонулган булактар жок. Кабыл алууга мүмкүн болбогон гипотеза жана көз караштар учурабайт. Диссертациянын автореферати анын мазмунун туура чагылдырат.

Ошондой болсо да, диссертациялык иште айрым бир, чекене **мүчүлүштүктөрдүн** бар экендигин айта кетүү абзел. Ал мүчүлүштүктөр – төмөнкүлөр:

1. Диссертациянын текстинде айрым бир стилистикалык так эместиктердин орун алгандыгы байкалат. Мисалы: төртүнчү баптын экинчи параграфы: **“Ичик, тон тыш кийимдери”** деп аталат. Бул аталышты тап-такыр түшүнүксүз деп айтууга болбойт, ошентсе да, ал: **“Тыш кийимдер: ичик, тон”** деп аталса, андан да түшүнүктүү боло түшмөк.

Же болбосо, диссертациянын илимий жаңылыгы жөнүндө сөз болгон 7-бетте: “Кыргыз элинин териден жасалган салттуу баш кийими (тебетей) биринчи жолу эпикалык чыгармалардагы маалыматтардын негизинде аскердик даража катары каралды” дегендин ордуна: “Кыргыз элинин териден жасалган салттуу баш кийими *тебетей*, эпикалык чыгармалардан алынган маалыматтардын негизинде, биринчи

жолу, аскердик даражаны билдирүүчү баш кийим катары каралды" десе, сүйлөм стилдик жактан туура болмок.

2. Диссертациялык иштин Киришүү бөлүмүндөгү "**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы**" атуу бөлүкчөгө айрым толуктоолор киргизилсе, андагы маалыматтар дүнүнөн эмес, так, даана берилсе жаман болбос эле.

3. Илимий адабияттарга обзор берүүдө айрым бир эмгектердин көңүлгө алынбай калгандыгы байкалат. Мисалы, бендеңиздин памир кыргыздарынын териден жасалган ашкана буюмдары тууралуу, талаа материалдарынын негизинде жазылган макалалары, монографияларынын тиешелүү бөлүктөрү көз жаздымда калгандыгын айтууга болот.

4. Диссертациялык иште памир кыргыздарына таандык маалыматтар колдонулуп, ондогон фото-сүрөттөр Тиркемеден орун алган болсо да, алардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндөгү эң белгилүү буюмдар оозго алынбай калган. Мисалы: **жува** – тери тон, **жулук** – ийленген тери, чарыктын кончу, **моюнча** – кол чанач, **кэшэ** – кайыш сызма ж.б.

Албетте, бул жерде айтылган **мүчүлүштүктөр** негизинен сунуш мүнөзүнө ээ болуп, диссертациялык иштин **илимий-теориялык деңгээлин** жана **практикалык маанисин** төмөндөтүп жибере албайт. Корголуп жаткан диссертация кыргыз этнологиясында жаңы илимий-тематикалык багыт ачкандыгы менен баалуу. Ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу жаатында койгон талаптарына толук жооп берет, ал эми анын автору **Октябрь Эркинович Капалбаев** "07.00.07 – этнография, этнология жана антропология" адистиги боюнча **тарых илимдеринин доктору** окумуштуулук даражасын алууга **толук татыктуу**.

**Расмий оппонент** **С. Т. Кайыпов,**

тарых илимдеринин доктору, филология илимдеринин кандидаты, профессор, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтунун башкы илимий кызматкери.

С. Т. Кайыповдун колун тастыктаймын